**Пресс-релиз**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 8,00 пайыз деңгээлинде сактоо чечимин кабыл алды**

Улуттук банк Башкармасы 2015-жылдын 24-августунда эсептик чен өлчөмүн 8,00 пайыз деңгээлинде сактоо чечимин кабыл алды.

Сезондук фактор инфляциянын басаңдашын шарттап, ал август айынын орто ченинде (14-августка карата) өтүп жаткан жылдын баш жагындагы 11,6 пайызга караганда жылдык туюндурууда 5,6 пайызды түзгөн.

2015-жылдын январь-июль айларындагы экономикалык өсүштүн жогорку көрсөткүчү (7,1 пайыз), эң башкысы "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүштүн өсүшү менен шартталган. “Кумтөрдү” эске албаганда ИДӨнүн реалдуу өсүш арымы 4,5 пайыз чегинде катталган.

Акыркы айларда банктар аралык рынок катышуучуларынын иш жигери бир аз басаңдагандыгы катталган, ошону менен бирге эле банктар аралык кредит рыногунун орточо салмактанып алынган чени эсептик чен өлчөмүнөн төмөн болгон.

Тышкы соодалык операциялар көлөмүнүн жана акча которуулар агымынын кыскарышы да байкалууда, ал Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрүнүн улуттук валютасынын баасынын түшүүсүнөн улам да келип чыгууда. Тышкы финансылык рыноктордогу туруксуздук күч алууда, жогоруда белгиленген факторлор менен бирге өлкөнүн ички валюта рыногуна келтирилип жаткан басымдын күчөшүнө түрткү берген негизги себептердин биринен болуп, орто мөөнөттүк мезгил аралыгында инфляциялык басымды күчөтүшү ыктымал.

Инфляциялык процесстердин болжолдонуп жаткан динамикасын эске алуу менен Улуттук банк өлкө экономикасында орун алган жагдайларга мониторинг жүргүзүүнү улантып жана мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарына ылайык акча-кредит саясаты жагында тиешелүү чараларды көрөт. Акча-кредит саясаты орто мөөнөттүк аралыкта инфляцияны Улуттук банктын орто мөөнөттүк мезгилге каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттарында аныкталган 5-7 пайыз деңгээлинде токтотуп турууга багытталат.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого арналган кийинки отуруму 2015-жылдын 28-сентябрына пландаштырылган.